# 2020-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 30-сентябрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларын колдоодо мамлекет тарабынан берилген дотация боюнча жүргүзүлгөн натыйжалуулук аудити жөнүндө отчет

## 1. Жалпылоо

### 1.1. Аудиттин темасы тууралуу кыскача маалымат:

"Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, артыкчылыктуу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн тастыкталган жогорку сапаттагы сорттук үрөндөрүн өндүрүү жана сатуу үчүн мамлекеттик дотация механизмин киргизүү аркылуу Кыргыз Республикасынын айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүн айыл чарба өсүмдүктөрүнүн тастыкталган жогорку сапаттагы сорттук үрөн материалдары менен камсыз кылуу жана үрөнчүлүк чарбаларына жагымдуу шарттарды түзүү мамлекеттик колдоого алуу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 2-августундагы № 397 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотация берүү тартиби жөнүндө жобо" жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы № 448 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотация берүүнүн тартиби жөнүндө жобо" иштелип чыккан.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 "2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө" Жарлыгына ылайык айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жогорку түшүмдүү жана эң "таза" сорттору менен камсыз кылууну уюштуруу зарылчылыгы, үрөнчүлүк чарбаларынын иши кайра кароо, мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн негизинде аларды модернизациялоону жүргүзүү зарылчылыгы белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 "2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө" Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы № 352 "2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө" токтому менен үрөнчүлүк чарбасынын тармактарына дотациялык каражаттарды (республикалык

бюджеттен үрөнчүлүккө – **677,8 млн сом**) бөлүү аркылуу стимул берүү тууралуу иш чара белгиленген.

**2020-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 30-сентябрына** карата үрөнчүлүккө мамлекеттик дотация **197,5 млн сомго** каржыланган.

**1.2. Аудиттин мезгил аралыгы жана мөөнөтү**

Аудиттин мезгил аралыгы: 01.01.2020-жылдан тартып 30.09.2025-жылга чейин.

Аудитти жүргүзүү мөөнөтү: 2025-жылдын октябры – 2026-жылдын январы.

**1.3. Аудиттин негизги максаты**

Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларын колдоодо мамлекет тарабынан берилген дотациянын натыйжалуулугун аныктоо.

**1.4. Аудиттин негизги субъекти:**

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги (мындан ары – Министрлик).

**1.5. Аудит субъекти боюнча маалымат**

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлиги "Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы № 352 "2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация боюнча жоопту мамлекеттик орган болуп саналат.

**1.6. Аудиттин негиздери жана өбөлгөлөрү**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга аудитордук иш планы.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 2025-жылдын 2-октябрындагы № 09-1/615; 23-октябрындагы № 09-1/689; 14-ноябрындагы № 09-1/788 төрагасынын буйруктары.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2015-жылдын 29-октябрындагы № 03-7/107 токтому менен бекитилген Натыйжалуулук аудити боюнча колдонмосу.

**1.7. Негизги байкоолор, корутундулар.**

**Аудит, 2020-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 30-сентябрына чейин Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларын**

**колдоодо мамлекет тарабынан берилген дотациянын натыйжалуулугу жетишерлик деңгээлде эместигин белгилейт.**

**1)** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө” Жарлыгына ылайык айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жогорку түшүмдүү жана эң “таза” сорттору менен камсыз кылууну уюштуруу жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы № 352 “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө” токтому менен үрөнчүлүк чарба тармактарына дотациялык каражаттарды бөлүү аркылуу стимул берүү тууралуу иш чаралар толук кандуу максатына жеткен эмес.

**2)** Жогоруда көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы №352 токтому менен үрөнчүлүк чарба тармактарын колдоого 2022–2026-жылдар аралыгында республикалык бюджеттен 677,8 млн сом өлчөмүндө дотациялык каражаттарды бөлүү каралганы менен, аталган токтомдо жана Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасында каралган иш-чараларды ишке ашыруу максатында жооптуу мамлекеттик органдар Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги тарабынан тиешелүү иш-чаралар планы иштелип чыкпагандыгынан улам дотациялык каражаттарды натыйжалуу, майнаптуу пайдаланууга шарт түзүлгөн эмес. Бул, өз кезегинде мамлекеттик колдоонун натыйжалуулугун камсыздоого жана коюлган максаттарга жетүүгө терс таасирин тийгизген.

Ошондой эле бул жагдай, токтомдун жана улуттук программанын өз убагында жана натыйжалуу аткарылышына тоскоолдук жаратып, үрөнчүлүк чарбаларын мамлекеттик колдоого алуунун максаттарына жетүүгө терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Ушуга байланыштуу, жооптуу министрликтер тарабынан белгиленген милдеттерди аткаруу үчүн так, ырааттуу жана координацияланган иш-чаралар планы өз убагында иштелип чыгуусу керек болчу.

**3)** “Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 2-бөлүгүндө мамлекеттик дотация үчүн бөлүнүүчү каражаттар кезектеги финансылык жылга республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда каралат деп, так белгиленген. Бирок, 2022-жылга карата республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотацияга каражаттар план менен каралбастан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан (КР Айыл чарба министрлигинин 2022-жылдын 30-июнундагы №18-9/2974 жана 2022-жылдын 3-августундагы №18-9/3825 каттарына ылайык) Министрликтин ведомстволук мекемелеринин сметаларынын чыгымдарынын ортосунда жылдырууларды жүргүзүү менен мамлекеттик дотацияга 36 333,1 миң сом суммасында дотация каражаттары берилип, андан ары республикалык бюджетте такталган. Ал эми,

2021-жылга жана 2023-жылга карата мамлекеттик дотацияга каражаттар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемелерине ылайык каралып тиешелүү республикалык бюджет менен такталып каржыланган. Натыйжада, жогоруда аталган мыйзамдын талаптары аткарылган эмес, бюджеттик пландоодо мыйзамдуулук жана ырааттуулук принциптери сакталган эмес. Ошондой эле, үрөнчүлүк тармагын мамлекеттик колдоого алуу жетиштүү деңгээлде камсыздалбай, айыл чарба өндүрүшүнүн туруктуу өнүгүшүнө терс таасир тийгизүү коркунучу жаралган.

**4)** Жогоруда аталган Өнүктүрүүнүн улуттук программасы менен бекитилген 677,8 млн сом өлчөмүндөгү мамлекеттик дотациялык каражат 2022-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 30-сентябрына чейин болгону эсеп менен 166,7 млн сомго, же 30,7 пайызга гана өздөштүрүлгөн. Мамлекеттик дотациялык каражаттардын төмөн деңгээлде өздөштүрүлүшүнүн негизги себеби болуп айыл чарба товар өндүрүүчүлөрдүн дотация алуу тартиби, шарттары жана мүмкүнчүлүктөрү тууралуу жетиштүү деңгээлде кабардар эместиги, ошондой эле толук жана жеткиликтүү маалыматтын жоктугу саналат.

**5)** Министрликте үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация боюнча иш чараны ишке ашыруунун бардык катышуучуларынын ортосунда так стратегиясы жана иш-аракеттерди координациялоо жок. Департаменттин жобосунда мамлекеттик дотацияны төлөө шарттары (төлөө мөөнөттөрү) жана кызматкерлердин функционалдык милдеттеринде дотация боюнча жооптуу кызмат адамдарынын ыйгарым укуктары жана функционалдык милдеттери так аныкталган эмес. Бул жагдай дотацияны төлөө процессинде укуктук так эместиктерди жана жоопкерчиликтин жоктугун жаратышы мүмкүн.

**6)** Мамлекеттик дотация маселелери боюнча контрол жана мониторинг жүргүзүү, алардын натыйжалуулугун жана майнаптуулугун баалоо боюнча иш-чаралар аткарылбай келет. Ошону менен бирге, айыл чарба товар өндүрүүчүлөрдүн айыл чарба өсүмдүктөрүнүн тастыкталган, жогорку сапаттагы сорттук үрөн материалдарын аз көлөмдө айдап себиши, агротехникалык ыкмаларды жетиштүү деңгээлде колдонушпагандыгы. Мындан тышкары, мамлекеттик органдар тарабынан айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн арасында жогорку сапаттагы сорттук үрөн материалдарын пайдалануу жана агротехникалык ыкмаларды колдонуу боюнча түшүндүрүү жана уюштуруучулук иш-чаралар талаптагыдай деңгээлде жүргүзүлбөйт.

**7)** 2020–2025-жылдар аралыгында айдап себүү үчүн мамлекеттик дотацияга коюлган үрөндөрдүн көлөмү, жалпы 26 126,6 тонна болуп, анын ичинен 16 628,2 тоннасы гана сатылган. Бул, мамлекеттик дотацияга коюлган үрөндүн 63,6 пайызы гана иш жүзүндө айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө (дыйкандарга) жеткенин көрсөттү.

**8)** Мамлекеттик дотация тастыкталган жогорку сапаттагы сорттук үрөн менен камсыздоодо маанилүү ролду ойнойт, бирок дотацияга коюлган үрөндүн толук көлөмү сатылбай жатканы байкалат. Бул, айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн (дыйкандардын) суроо-талабын так пландоо, логистика жана маалыматтык иш-чараларын күчөтүү зарылдыгын көрсөтөт.

**9)** Үрөнчүлүк чарбалар айыл чарба товар өндүрүүчүлөрдү жалпы 13,5 пайыз өлчөмүндө үрөн менен камсыз кылса, дотациянын алкагында таратылган үрөндүн үлүшү 3 пайызды гана түзгөн.

**10)** Министрлик тарабынан мониторинг жүргүзүлбөйт, тактап айтканда, түшүмдүүлүк боюнча 1 гектар жерден канча центнерден арпа, буудай жана башка дан өсүмдүктөрү алынып, орточо түшүмдүүлүгү аныкталып, район боюнча алынган орточо түшүм менен салыштырылып канча центнерге азайганы, же жогорулаганы аныкталган эмес.

**11)** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 288 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбалары жөнүндө" жобонун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы № 448 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотация берүүнүн тартиби жөнүндө" жобонун талаптары системалуу түрдө сакталбай келет.

**12)** Аймактык комиссиялар үрөнчүлүк чарбалардын ишине жыл сайын төртүнчү кварталда жеринде мониторинг жүргүзбөгөндүгү жана анын жыйынтыгы боюнча тиешелүү корутундуларды жана сунуштарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга өз убагында киргизбегендиги, жогорудагы жобонун талаптарын одоно бузуу болуп саналат.

**13)** Мамлекеттик дотациянын канчалык деңгээлде натыйжалуу болгондугунун критерийлеринин бири болуп, айыл чарба товар өндүрүүчүлөр тарабынан үрөнчүлүк чарбалардан алынып себилген үрөндүн түшүмдүүлүгү эсептелгенине жана үрөнчүлүк чарбалардан алынып себилген дотациялык үрөндөрдүн түшүмдүүлүгү саналат, бул боюнча Министрлик тарабынан мониторинг, талдоо жана баалоо жүргүзүлбөгөндүгүнө байланыштуу, мамлекеттик дотациянын канчалык деңгээлде натыйжалуу болгондугун, аудиттин алкагында толук баалоо жетиштүү болгон жок.

## 1.8. Негизги сунуштамалар

**1)** "Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын аткарылышын камсыз кылуу жана бюджеттик пландоодо мыйзамдуулук менен ырааттуулукту сактоо максатында келерки финансылык жылдар үчүн үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотацияга каралган каражаттардын конкреттүү көлөмү республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдарда так белгиленүүсү зарыл.

**2)** Бюджеттик пландоодо Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги биргеликте үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотацияларды пландоо жана бөлүштүрүү процесстерин алдын ала макулдашуусу зарыл.

**3)** Аныкталган бузууларды жана кемчиликтерди жоюу жана мамлекеттик дотациялык каражаттарды өздөштүрүүнүн деңгээлин жогорулатуу максатында төмөнкү чаралардын көрүлүүсү зарыл:

- айыл чарба товар өндүрүүчүлөр үчүн мамлекеттик дотацияларды алуу тартиби, шарттары жана талаптары боюнча толук, так жана жеткиликтүү маалыматтык-түшүндүрүү иштерин күчөтүү;

- дотация алуу механизмдери тууралуу маалыматтарды массалык маалымат каражаттары, расмий интернет сайттар, социалдык тармактар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу кеңири жайылтуу;

- аймактык деңгээлде семинарларды, жыйындарды жана консультациялык жолугушууларды уюштуруу аркылуу айыл чарба товар өндүрүүчүлөрдүн маалымдуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү;

- мамлекеттик дотация программасына үрөнчүлүк чарбаларды камтуу деңгээлин кеңейтүү;

- жооптуу мамлекеттик органдар менен айыл чарба товар өндүрүүчүлөрү жана үрөн чарбаларынын байланышын бекемдөө;

- жооптуу мамлекеттик органдар тарабынан дотациялык каражаттарды өздөштүрүүнүн жүрүшүнө үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүлүп, аныкталган көйгөйлөрдү өз убагында чечүү чараларын көрүү;

- дотациялык программалар боюнча арыз берүү жана документтерди кабыл алуу тартибин жөнөкөйлөтүү, ошондой эле электрондук форматта кароо жана кайрылуу мүмкүнчүлүгүн киргизүү.

## 2. КИРИШҮҮ

**Мамлекеттик дотация** - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жыл сайын аныкталуучу артыкчылыктуу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн тастыкталган жогорку сапаттагы сорттук үрөндөрүн өндүрүүдө үрөнчүлүк чарбаларынын сарптоолорунун бир бөлүгүнүн ордун толтурууга бекер жана кайтарымсыз негизде бөлүнүүчү бюджеттик каражаттардын суммасы.

Үрөнчүлүк чарбалары аткаруучу функцияларына жараша төмөнкү категорияларга бөлүнөт:

- айыл чарба өсүмдүктөрүнүн биринчи үрөнчүлүктү жүргүзүү укугу берилген үрөнчүлүк чарбасы - биринчи жылдык көбөйтүү питомниктери менен алектенген (П-1), экинчи жылдык көбөйтүү питомниктери менен алектенген (П-2), биринчи жылдык көбөйтүү (Р-1), экинчи жылдык көбөйтүү (Р-2) жана суперэлита менен алектенген чарбалар;

- айыл чарба өсүмдүктөрүнүн элита, биринчи жана экинчи репродукциядагы сортторунун үрөндөрүн, ошондой эле гибриддердин биринчи муунунун үрөндөрүн өндүрүү жана сатуу укугу берилген үрөнчүлүк чарба.

Үрөндү өндүрүүнүн наркы айыл чарба чөйрөсүндө саясатты жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана монополияга каршы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен бекитилген методикага ылайык аныкталат.

Үрөндөрдү сатуу бааларын эсептөө методикасына ылайык айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан берилген өсүмдүк чарбасынын продукциясына өндүрүүчүнүн орточо баасынын негизинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы № 448 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотация берүүнүн тартиби жөнүндө” жобонун 7-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөттөргө ылайык жана аталган Жобонун 8-пунктунда көрсөтүлгөн акчалай сорттук үстөктөрдү эске алуу менен артыкчылыктуу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн биринчи муундагы сортторунун жана гибриддеринин оригиналдуу (суперэлита), элиталык, биринчи жана экинчи репродукциядагы үрөндөрүнө сатуу бааларын аныктайт.

Артыкчылыктуу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн дотациялык үрөндөрүн сатуу үчүн сатуу бааларын аныктоодо өсүмдүк чарбасынын продукциясына өндүрүүчүнүн орточо баалары негиз катары алынат:

- жазгы себүү үчүн - өткөн жылдын декабрындагы;
- күздүк себүү үчүн - ушул жылдын июнундагы.

Артыкчылыктуу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөндөрү боюнча акчалай сорттук үстөктөр төмөнкү таблицага ылайык белгиленет:

| **Репродукция** | **Акчалай сорттук үстөк** (УСКнын маалыматтары боюнча өндүрүүчүнүн орточо бааларына карата пайыз менен) |
|---|---|
| Суперэлита | 150 |
| Элита | 100 |
| Биринчи репродукция | 80 |
| Экинчи репродукция | 70 |

Мисалы: 2025-жылга жазгы себүү үчүн - өткөн жылдын декабрындагы буудайдын орточо баасы 19,21 сом болсо, биринчи репродукциядагы акчалай сорттук үстөк 80 пайызды түзөт, жазгы себүү үчүн биринчи репродукциядагы үрөндүк буудайдын баасы 34,6 сомду түздү (19,21 сом х 80%=34,6 сом).

Үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотация сатылуучу оригиналдуу (суперэлита) жана элиталык үрөндөрдү, артыкчылыктуу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөндөрүнүн биринчи муундагы сортторун жана гибриддерин биринчи жана экинчи репродукциядагы үрөндөрү чыгымдардын наркынын **30 пайыз** көлөмүндө берилет. Мисалы: ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар 1 кг үрөндүк буудайдын баасын 34,6 сом деп белгилесе, анда бул сумманын 30 пайызы, же 10,38 сом үрөнчүлүк чарбаларына мамлекет тарабынан дотация катары төлөнөт (34,6 сом х 30%= 10,38 сом). Жогоруда көрсөтүлгөндөй айыл чарба товар өндүрүүчүлөр биринчи репродукциядагы үрөндүк буудайды 24,22 сомдон сатып алышкан.

Үрөнчүлүк чарбалары өндүргөн тастыкталган жогорку сапаттагы сорттук үрөндөр менен айыл чарба товар өндүрүүчүлөрү камсыздалат.

**Каржылоо булагы:** республикалык бюджет.

# 3. Аудиттин чөйрөсү жана ыкмасы

## 3.1. Аудиттин темасы жана максаты

2020-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 30-сентябрына чейин Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларын колдоодо мамлекет тарабынан берилген дотациянын натыйжалуулугу.

**Аудиттин максаттары:**

Аудиттин негизги максаты: 2020-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 30-сентябрына чейин Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларын колдоодо мамлекет тарабынан берилген дотациянын натыйжалуулугун аныктоо.

1) Министрлик тарабынан мамлекеттик дотацияларды берүү процесси канчалык деңгээлде натыйжалуу жүргүзүлүп жатканын аныктоо.

2) Министрликте мамлекеттик дотацияны берүү процессин, тартибин жана механизмин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын жана башка ченемдик документтердин, ошондой эле Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашыруу боюнча ички стратегиянын, иш-чаралар планынын болушун аныктоо.

3) Республикалык бюджеттен мамлекеттик дотациялык каражаттарды түзүү жана бөлүп берүү канчалык деңгээлде натыйжалуу жана ишенимдүү жүргүзүлүп жатканын аныктоо.

4) Министрликтин үрөнчүлүк тармагында мамлекеттик дотацияны ишке ашыруунун бардык катышуучуларынын ортосунда так стратегиясы жана иш-аракеттердин координациясы бар экендигин аныктоо.

## 3.2. Аудитти тандап алуунун себептери:

- 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча улуттук стратегиясын ишке ашыруу боюнча иш чаралардын аткарылышын, мамлекеттик дотация боюнча тийиштүү ченемдик документтердин аткарылышын жана алардын натыйжалуулугун аныктоо;
- министрлик тарабынан мамлекеттик дотацияны берүү процесси канчалык натыйжалуу жүргүзүлүп жаткандыгын аныктоо.
- республикалык бюджеттен каржыланган мамлекеттик дотация канчалык натыйжалуу, максаттуу жана майнаптуу жүргүзүлүп жатканын аныктоо.

## 3.3. Аудиттин суроолору

**1.** Министрликтин үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация берүү процесси канчалык натыйжалуу.

1.1. Министрликте үрөнчүлүктү өнүктүрүүнүн бекитилген стратегиясы жана мамлекеттик дотацияны берүүнүн максаттарын жана артыкчылыктарын аныктаган иш-чаралар планы барбы. Министрликте мамлекеттик дотациянын берилишине мониторинг жүргүзүү жана контролдоо боюнча эффективдүү система барбы.

1.2. Мамлекеттик дотацияны берүү жана контрол жүргүзүү менен байланышкан кандай кыйынчылыктар жана тобокелдиктер бар жана алар мамлекеттик колдоонун натыйжалуулугуна кандай таасир этет.

**2.** 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планынын алкагында үрөн боюнча мамлекеттик дотациянын иш-чаралары канчалык эффективдүү жана натыйжалуу аткарылып жатат, Министрликте дотация берүүнүн процессин, тартибин жана механизмин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар барбы жана алар кандай аткарылууда.

2.1. Ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүдө кемчиликтер жана мамлекеттик дотацияларды берүү боюнча иш-чаралардын планын аткарууда жоопту мамлекеттик органдардын ишинде кемчиликтер барбы.

**3.** Республикалык бюджеттен үрөнчүлүккө мамлекеттик дотация канчалык эффективдүү жана ишенимдүү түзүлүүдө.

3.1. Үрөн чарбаларына мамлекеттик дотацияга бөлүнгөн бюджеттик каражаттар канчалык толук бөлүштүрүлөт.

3.2. Үрөнчүлүккө мамлекеттик дотациянын региондор арасында бөлүнгөн каражаттардын өлчөмү.

3.3. Үрөнчүлүккө мамлекеттик дотациянын эффективдүүлүгү кандай бааланат жана алардын максаттуу пайдаланылышы кандай көзөмөлдөнөт.

**4.** Министрликте үрөнчүлүккө мамлекеттик дотацияны ишке ашыруунун бардык катышуучуларынын ортосунда так стратегия жана макулдашылган иш-аракеттер барбы.

4.1. Мамлекеттик дотация берүү аркылуу үрөнчүлүктү өнүктүрүүгө мамлекеттик колдоо боюнча иш-чаралардын планын жана стратегиясын ишке ашырууда министрлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана тармактын катышуучуларынын (үрөн чарбалары, айыл чарба товар өндүрүүчүлөрү) ортосунда иш-аракеттер кандай координацияланууда.

4.2. Үрөнчүлүккө мамлекеттик колдоо чараларын тууралоо боюнча бардык катышуучулардын ортосунда эффективдүүлүктү баалоо жана пикир байланыш барбы.

### 3.4. Аудиттин критерийлери:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы ПЖ № 435 “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө” Жарлыгына ылайык айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жогорку түшүмдүү жана эң “таза” сорттору менен камсыз кылууну уюштуруу, үрөнчүлүк чарбаларынын ишин кайра кароо, мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн негизинде аларды модернизациялоону жүргүзүү зарыл деп белгиленген;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы № 352 “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык үрөнчүлүк чарба тармактарына дотациялык каражаттарды

(республикалык бюджеттен үрөнчүлүккө – 677,8 млн сом) бөлүү аркылуу стимул берүү тууралуу иш чара белгиленген;

- “Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, артыкчылыктуу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн тастыкталган жогорку сапаттагы сорттук үрөндөрүн өндүрүү жана сатуу үчүн мамлекеттик дотация механизмин киргизүү аркылуу Кыргыз Республикасынын айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүн айыл чарба өсүмдүктөрүнүн тастыкталган жогорку сапаттагы сорттук үрөн материалдары менен камсыз кылуу жана үрөнчүлүк чарбаларына жагымдуу шарттарды түзүү мамлекеттик колдоого алуу болуп саналат;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 2-августундагы № 397 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотация берүү тартиби жөнүндө жобо” жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы № 448 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотация берүүнүн тартиби жөнүндө жобо” менен белгиленген дотациялык каражаттарды берүүнүн тартиби;

- Иштин жыйынтыгы боюнча мамлекеттик кайра аттестациялоодон өткөн Кыргыз Республикасындагы үрөнчүлүк чарбалардын, мамлекеттик сорт сыноо станцияларынын жана мамлекеттик сорт сыноо участокторунун тизмесин бекитүү жөнүндө тиешелүү токтомдору менен белгиленген талаптар (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 9-августундагы № 373 жана 2022-жылдын 7-февралындагы №65 Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин 2012-2016, 2017-2020, 2021-2023 -жылдардагы);

- Министрликтин айыл чарба өсүмдүктөрүн жана багбанчылыкты экспертизалоо департаментинин жана райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарынын жоболору, мамлекеттик дотацияны башкаруу маселелери боюнча;

- Департаменттин ички эрежелери, жол-жоболору жана чечимдери, кызматтык нускамалары, иш пландары;

- үрөн чарбасы менен айыл чарба товар өндүрүүчүлөр ортосундагы келишимдер, үрөн чарбасы менен Департаменттин ортосундагы келишимдер жана башка мамлекеттик дотация алуу учун тиешелүү маалыматтар, документтер;

- КР Финансы министрлигинин мамлекеттик дотация боюнча маалыматы;

- Департаменттин бюджеттик каражаттардын (мамлекеттик дотация беренеси) сметасынын аткарылышы боюнча отчёттору (Форма 2).

***Натыйжалуулукту баалоо критерийлери:***

1) Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотациянын процесси, тартиби, иш-чаралар планы натыйжалуу.

2) Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотацияга бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу.

### 3.5. Аудиттин методу жана ыкмасы

Аудиттин ыкмасы: системага багытталган ыкма.

Аудиттин методу: аудит субъектилеринин ишинин жыйынтыктарын жана колдо болгон маалыматтарды талдоо, кызыкдар тараптар менен маектешүү, үрөнчүлүк чарбалары жана фермерлерден сурамжылоо, интервью жүргүзүү жана тийиштүү отчётторду, маалыматтарды текшерүү.

Аудиттин суроолорун, субъекттерин тандап алууда тобокелдикке багытталган ыкманын элементтери колдонулду.

### 3.6. Маалыматтардын булактары

- аудит тарабынан алынган маалыматтар.
- аудит субъектилеринен (Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги, Айыл чарба өсүмдүктөрүн жана багбанчылыкты экспертизалоо департаменти, Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктары) жана кызыкдар тараптардан алынган маалыматтар (КР Финансы министрлиги, үрөн чарбалары, айыл чарба товар өндүрүүчүлөрү).

## 4. Байкоолор

### 4.1. Байкоолор жана корутундулар

**1. Министрликте үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация берүү процесси канчалык натыйжалуу:**

- мамлекеттик дотация боюнча үрөнчүлүктү өнүктүрүүнүн стратегиясы жана мамлекеттик дотацияны берүү максаттарын жана артыкчылыктарын аныктаган иш-чаралар планынын иштелип чыгышы;
- мамлекеттик дотациянын берилишине мониторинг жана контрол жүргүзүү боюнча эффективдүү системанын иштеши;
- дотацияны берүү жана контрол жүргүзүү менен байланышкан кандай кыйынчылыктар жана тобокелдиктер бар жана алардын мамлекеттик колдоонун натыйжалуулугуна тийгизген таасири.

Үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотацияны төлөө Министрликтин Айыл чарба өсүмдүктөрүн жана багбанчылыкты экспертизалоо боюнча департаменти (мындан ары -Департамент) тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы № 448 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотация берүүнүн тартиби жөнүндө” жобонун 27-пунктуна ылайык, үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотацияны төлөө айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан ушул Жобонун 26-пунктунда көрсөтүлгөн мамлекеттик дотацияны төлөө жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн тартып

ушул жылга республикалык бюджетте ушул максаттарга каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат.

Ал эми, Департаменттин жобосунда мамлекеттик дотацияны төлөө шарттары (төлөө мөөнөттөрү) жана кызматкерлердин функционалдык милдеттеринде дотация боюнча жооптуу кызмат адамдарынын ыйгарым укуктары жана функционалдык милдеттери так аныкталган эмес. Бул жагдай, дотацияны төлөө процессинде укуктук так эместиктерди жана жоопкерчиликтин жоктугун жаратышы мүмкүн.

Министрликте аудит камтыган мезгил аралыгына республикалык бюджеттен берилген мамлекеттик дотациянын натыйжалуулугу, майнаптуулугу тууралуу маалыматтар, отчёттор аудитке берилген жок. Мындан тышкары, Министрлик тарабынан берилип жаткан дотациялык бюджеттик каражат боюнча контрол, мониторинг жана натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүлгөн эмес.

Ошондой эле, үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотацияга мониторинг жана натыйжалуулугун баалоо тууралуу укуктук документ иштелип чыккан эмес.

Министрликтин үрөнчүлүк тармагында мамлекеттик дотация боюнча иш чараны ишке ашыруунун бардык катышуучуларынын ортосунда так стратегиясы жана иш-аракеттерди координациялоо боюнча тиешелүү тартип, механизм иштелип чыккан эмес.

Жогоруда көрсөтүлгөн фактыларга ылайык, Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планын ишке ашыруу багытында жооптуу мамлекеттик органдар тарабынан тиешелүү уюштуруучулук чаралар көрүлгөн эмес. Тактап айтканда, үрөнчүлүк чарба тармактарын дотациялоо үчүн республикалык бюджеттен олуттуу өлчөмдөгү каражаттарды бөлүү пландаштырылганына карабастан, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги тарабынан аны ишке ашырууга багытталган иш-чаралар планы иштелип чыкпагандыктан, дотациялык каражаттарды натыйжалуу пайдаланууга шарт түзүлгөн эмес. Бул, өз кезегинде мамлекеттик колдоонун натыйжалуулугун камсыздоого жана коюлган максаттарга жетүүгө терс таасирин тийгизген.

Натыйжалуулук аудиттин алкагында чогултулган маалыматтарга ылайык, аудит камтыган мезгил аралыгында республика боюнча айыл чарба товар өндүрүүчүлөр мамлекеттик дотация аркылуу, үрөнчүлүк чарбалардан артыкчылыктуу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөндөрүн сатып алып дан өсүмдүктөрүн өстүрүү максатында жазында жана күзүндө жер айдашат. Күзүндө айыл чарба товар өндүрүүчүлөр тарабынан алынган түшүм боюнча Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктары тарабынан түшүмдүүлүк боюнча **мониторинг жүргүзүлбөйт**. Тактап айтканда, айыл чарба товар өндүрүүчүлөр 1 гектар жерден канча центнерден арпа, буудай жана башка

дан өсүмдүктөрүн алгандыктарын, алынган **түшүмдөрдүн** орточо түшүмдүүлүгүн аныктап, район боюнча алынган орточо түшүм менен салыштырып канча центнерге **азайганы, же жогорулаганы аныкталбайт.**

Мамлекеттик дотациянын канчалык деңгээлде натыйжалуу болгондугунун бирден бир критерийлери болуп, айыл чарба товар өндүрүүчүлөр тарабынан үрөнчүлүк чарбалардан алынып себилген үрөндүн түшүмдүүлүгү эсептелгенине жана үрөнчүлүк чарбалардан алынып себилген дотациялык үрөндөрдүн түшүмдүүлүгү, бул боюнча Министрлик тарабынан мониторинг, талдоо жана баалоо жүргүзүлбөгөндүгүнө байланыштуу, мамлекеттик дотациянын канчалык деңгээлде натыйжалуу болгондугун, аудиттин алкагында толук баалоо жетиштүү болгон жок.

**2. 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планынын алкагында үрөн боюнча мамлекеттик дотациянын иш-чаралары канчалык эффективдүү жана натыйжалуу:**

**- мамлекеттик дотация берүүнүн процессин, тартибин жана механизмин жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын болушу жана аткарылышы.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы № 352 “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө” токтому менен үрөнчүлүк чарбасынын тармактарына республикалык бюджеттен 2022-жылдын 1-кварталынан тартып 2026-жылдын 4-кварталына чейин – 677,8 млн сомго дотациялык каражаттарды бөлүү планы бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планына ылайык дотация боюнча жоопту тараптар: Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги болуп саналат.

Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планын ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планына ылайык, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги тарабынан иш-чаралар планы иштелип чыккан эмес.

677,8 млн сомго дотациялык каражаттарды бөлүү тууралуу иш чара 2022-жылдан 2026-жылга, же 5 жылга карата, орточо эсеп менен, ар бир жылды алганда Департамент тарабынан 135,5 млн сомдук дотациялык каражаттарды берүү боюнча тиешелүү иш чара көрүлүшү керек болчу. Жогоруда

белгиленгендей, 2022-2025 -жылдарга бюджетте мамлекеттик дотация 36,3 млн сомдон 50,0 млн сомго чейин гана каралган, ал эми факты жүзүндөгү чыгымдар 36,3 млн сомдон 30,6 млн сомго чейинки сумманы гана түзгөн.

Бул жагдай боюнча, Департамент айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн үрөн чарбалардан үрөндөрдү сатып алуусуна жараша болорун жана дотациялык каражаттар үрөн чарба менен айыл чарба товар өндүрүүчү ортосундагы үрөндү сатуу-сатып алуу келишими түзүлүп үрөн сатылгандан кийин факты менен республикалык бюджеттен үрөн чарбасына каражаттар которула тургандыгын билдиришкен.

Жогоруда аталган өнүктүрүүнүн улуттук программасы менен бекитилген 677,8 млн сомдук дотациялык каражаттан, мисалы, 2022-жылдан 2026-жылга, же 5 жылга карата, орточо эсеп менен, ар бир жылга 135,5 млн сомго, 2026-жылды эсепке албастан 542 240,0 миң сом деп алганда, 2022-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 30-сентябрына чейин бюджеттик каражат болгону эсеп менен **166 701,7 миң сомго** өздөштүрүлгөн, же **30,7 пайызды** гана түзгөн.

Ал эми, мындай өздөштүрүлүүнүн себептеринин бири болуп: айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик дотация боюнча кабары жана толук маалыматынын жоктугу саналат.

Аудиттин жүрүшүндө республика боюнча 15 райондо айыл чарба товар өндүрүүчүлөрдүн арасында мамлекеттик дотация боюнча сурамжылоо жүргүзүлдү, сурамжылоого болгону 68 айыл чарба товар өндүрүүчү катышты. Алардын басымдуу бөлүгү үрөндү арпа (59%), буудай (29%), жүгөрү (15%) жана картошка (9%) боюнча колдонушкан.

Үрөн алуу булактары боюнча: кооперативдер – 38% (26 дыйкан), мамлекеттик программа – 32% (22 дыйкан), жеке ишкерлер – 30% (20 дыйкан).

- *Үрөндүн сапатына баа берүүдө дыйкандардын:*
  - 87 % - (59 дыйкан) «жакшы» жана «өтө жакшы» деп баалаган.
  - 50 % - (34 дыйкан) үрөндүн өнүү пайызы 80–100%.
  - 38 % - (26 дыйкан) 60–79% түзгөн.
- *Түшүмдүүлүк боюнча:*
  - 72 % - дыйканда (49 адам) түшүм 20–60%га жогорулаган.
  - 21 % - (14 адам) өзгөрүүсүз калган.
  - 7 % - (5 адам) төмөндөгөн.
- *Үрөндү кайра колдонуу ниети:*
  - 90 % - (61 дыйкан) кайрадан ушул үрөндү колдонууга даяр.
  - 10 % - (7 дыйкан) макул эмес.
- *Үрөндүн баасын сапатына ылайык деп:*
  - 81 % - (55 дыйкан) туура деп эсептейт.
  - 19 % - (13 дыйкан) кымбат деп баалашкан.
- *Мамлекеттик дотация программасы тууралуу:*
  - 74 % - (50 дыйкан) билет же уккан.
  - 26 % - (18 дыйкан) маалыматка муктаж.

Жалпысынан, бул сурамжылоо мамлекеттик дотация жана сапаттуу үрөн менен камсыздоо айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга оң таасир тийгизип жатканын көрсөттү. Ошол эле учурда, үрөн саясатын аймактык муктаждыкка жараша пландоо жана жооптуу мамлекеттик органдар менен айыл чарба товар өндүрүүчүлөрү жана үрөн чарбаларынын байланышын бекемдөө зарыл экендигин аудит баса белгилейт.

**3. Республикалык бюджеттен үрөнчүлүккө мамлекеттик дотация канчалык эффективдүү жана ишенимдүү түзүлүүдө.**

3.1. Үрөн чарбаларына мамлекеттик дотацияга бөлүнгөн бюджеттик каражаттар канчалык толук бөлүштүрүлөт.

3.2. Үрөнчүлүккө мамлекеттик дотациянын региондор арасында бөлүнгөн каражаттардын өлчөмү.

3.3. Үрөнчүлүккө мамлекеттик дотациянын эффективдүүлүгү кандай бааланат жана алардын максаттуу пайдаланылышы кандай көзөмөлдөнөт.

*2020- жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 30-сентябрына чейин республикалык бюджеттен берилген дотациялык каражаттар*




"Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 2-бөлүгүндө мамлекеттик дотация үчүн каражаттар ар бир кезектеги финансылык жылга республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда каралышы так белгиленген.

Бирок, 2021–2023-жылдар аралыгында республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдарда үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотацияга каражаттар каралган эмес.

Натыйжада, жогоруда аталган мыйзамдын талаптары аткарылган эмес, бюджеттик пландоодо мыйзамдуулук жана ыраатуулук принциптери сакталган эмес. Ошондой эле, үрөнчүлүк тармагын мамлекеттик колдоо жетиштүү деңгээлде камсыздалбай, айыл чарба өндүрүшүнүн туруктуу өнүгүшүнө терс таасир тийгизүү коркунучу жаралган.

Министрликтин Департаментинин бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө (Форма 2) отчетуна ылайык 2020-жылы дотация берүү (субсидия) беренесине - 64 906,3 миң сом өлчөмүндө каражат бекитилип, такталган бюджет – 16 466,6 миң сомду, кассалык чыгымы – 8 161,3 миң сомду, накталай чыгымы – 8 156,7 миң сомду түзгөн.

**2021-2023 -жылдарга** дотациялык каражаттар сметада каралбастан жана бюджет боюнча тиешелүү ченемдик укуктук актылар менен бекитилбестен, 2021-жылы 43 994,8 миң сомго такталган бюджет аркылуу каржыланып кассалык жана накталай чыгым - 41 956,4 миң сомду түзгөн. Ал эми, 2022-жылы - 36 333,2 миң сомго жана 2023-жылы - 32 400,0 миң сомго такталган бюджет аркылуу мамлекеттик дотация каржыланып кассалык жана накталай чыгымдар - 36 333,1 миң сомду жана 32 398,8 миң сомду түзгөн.

2024-жылы дотациялык каражат - 20 000,0 миң сом суммасында бекитилип, такталган бюджет - 47 969,8 миң сомду, кассалык жана накталай чыгым - 47 969,8 миң сомду түзгөн.

2025-жылы дотациялык каражат - 50 000,0 миң сом өлчөмүндө каралып, такталган бюджет - 50 000,0 миң сомду, 9-айга карата кассалык жана накталай чыгым - 30 658,5 миң сомду түзгөн.

Жогоруда белгиленгендей, 2021-2023 -жылдарга дотациялык каражаттар республикалык бюджетте планда жана сметада каралбастан, андан ары такталып чыгымдалган маселе боюнча аудитке Министрлик тарабынан 2023-жылдын 2-майындагы №215-т Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемеси берилди, ага ылайык, 2023-жылга - 114 131,2 миң сом суммасында дотациялык каражаттарды каржылоо жана тиешелүү бюджетте бекитүү тууралуу көрсөтүлгөн. Бирок, жогоруда белгиленгендей, 2023-жылга такталган бюджет - 32 400,0 миң сомду түзүп, 32 398,8 миң сомго каржыланган, же аталган тескеме менен белгиленген дотациялык бюджеттик каражат - **81 731,2 миң сомго** кем каржыланган.

Ушундай эле, 2021-жылдын 31-мартындагы №76-б Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемесине ылайык, 2021-жылга - 51 000,0 миң сом суммасында дотациялык каражаттарды каржылоо жана тиешелүү бюджетте бекитүү тууралуу көрсөтүлгөн. Бирок, жогоруда белгиленгендей, 2021-жылга такталган бюджет - 43 994,8 миң сомду түзүп, 41 956,4 миң сомго каржыланган, же аталган тескеме менен белгиленген дотациялык бюджеттик каражат – **9 043,6 миң сомго** кем каржыланган.

Ал эми, 2022-жыл боюнча КР Финансы министрлиги тарабынан (Айыл чарба министрлигинин 2022-жылдын 30-июнундагы №18-9/2974 жана 2022-жылдын 3-августундагы №18-9/3825 каттарына ылайык) Министрликтин ведомстволук мекемелеринин сметаларынын чыгымдарынын ортосунда жылдырууларды жүргүзүү менен мамлекеттик дотацияга 36 333,1 миң сом суммасында дотация каражаттары берилген.

## 4. Үрөнчүлүккө мамлекеттик дотацияны ишке ашыруунун бардык катышуучуларынын ортосунда так стратегия жана макулдашылган иш-аракеттердин болушу.

4.1. Мамлекеттик дотация берүү аркылуу мамлекеттик колдоо үрөнчүлүктү өнүктүрүү боюнча иш-чаралардын планын жана стратегиясын ишке ашырууда министрлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана тармактын катышуучуларынын (үрөн чарбалары, айыл чарба товар өндүрүүчүлөрү) ортосунда иш-аракеттердин координациялануусу.

4.2. Үрөнчүлүккө мамлекеттик колдоо чараларын тууралоо боюнча бардык катышуучулардын ортосунда эффективдүүлүктү баалоо жана пикир байланышы.

*2020-2025 -жылдарга карата үрөнчүлүк чарбалардын үрөндөр менен камсыздалышы*







Министрликтин маалыматына ылайык, 2020-жылы үрөнчүлүк чарба макамына ээ болгон 109 чарба каттоодон өткөн, 2025-жылга карата 86 чарба каттоодо турат. Анын ичинен 7 мамлекеттик жана 79 жеке.

2020-жылдан 2025-жылга чейин жазгы себүү үчүн берилген дотация программасына орточо 31 чарба, ал эми күздүк себүүгө 25 чарба катышкан. Бул, мамлекеттик колдоо механизмдерине чарбалардын катышуусу туруктуу болгонун, бирок камтуу деңгээлин кеңейтүү зарылдыгын көрсөтөт.

2020-2025 -жылдар аралыгында үрөнчүлүк чарбалардын саны 109дан 86га чейин азайган. Айрыкча 2022-жылдан кийин чарбалардын санынын кыскаруу

тенденциясы байкалат. Ошол эле учурда, үрөнчүлүк чарбалардын саны азайганы менен, айдоо аянты кескин төмөндөбөстөн, 28–29 миң гектардын тегерегинде салыштырмалуу туруктуу сакталган.




| № | Жылдар | Үрөнчүлүк чарбалардын саны | Үрөнчүлүк чарбалардын айдоо аянты, га | Үрөнчүлүк чарбалар өндүргөн сертификатталган үрөн, тонна | Мамлекеттик дотация аркылуу берилген үрөн, тонна |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2020 | 109 | 36 865 | 15 481,0 | 1 881,1 |
| 2 | 2021 | 109 | 29 017,1 | 9 972,5 | 3 722,2 |
| 3 | 2022 | 96 | 28 340,3 | 13 686,5 | 2 172,1 |
| 4 | 2023 | 96 | 28 176,3 | 10 652,5 | 2 350,2 |
| 5 | 2024 | 86 | 28 807,4 | 18 064,3 | 3 928,6 |
| 6 | 2025 | 86 | 28 929,6 | 16 129,7 | 4 485,1 |




Үрөнчүлүк чарбалар айыл чарба товар өндүрүүчүлөрдү жалпы орточо көрсөткүч 13,5 пайыз өлчөмүндө үрөн менен камсыз кылса, дотациянын алкагында таратылган үрөндүн үлүшү **3 пайызды гана** түзгөн.

Үрөнчүлүк чарбалар өндүргөн үрөн менен камсыздоо деңгээли жылдар боюнча өзгөрмөлүү болуп, эң төмөнкү көрсөткүч 2021-жылы (9,7%), ал эми эң жогорку көрсөткүч 2024-жылы (17,3%) катталган. Жалпысынан алганда, орточо көрсөткүч 13,5 пайызды түзүп, бул айыл чарба товар өндүрүүчүлөрдү үрөн менен камсыздоо жетишсиз деңгээлде экенин көрсөттү.

Мамлекеттик дотация аркылуу таратылган үрөн менен камсыздоо үлүшү орточо 3 пайызды түзүп, жыл өткөн сайын өсүү тенденциясы байкалат. Айрыкча 2024–2025-жылдары **дотациянын үлүшү 3,8 – 4,3%га чейин жеткен.**

Айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын аймактык комиссиялары тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 288 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбалары жөнүндө” жобонун $8^1$-пунктуна ылайык, комиссия жыл сайын төртүнчү кварталда жерине баруу менен статуска ээ үрөнчүлүк чарбалардын ишине мониторинг жүргүзөт. Жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча комиссия айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга үрөнчүлүк чарбалардын ушул Жобонун талаптарына ылайык келүүсү жана ылайык келбөөсү жөнүндө сунуштарды киргизүү менен корутундуну киргизет *(КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-декабрындагы № 753 токтомунун редакциясына ылайык)*. Бирок, аталган талаптар аткарылган эмес, тактап айтканда, аймактык комиссиялары тарабынан жыл сайын төртүнчү кварталда статуска ээ үрөнчүлүк чарбалардын ишине жеринде мониторинг жүргүзүлбөйт.

Ошондой эле, мониторингдин жыйынтыгы боюнча комиссия айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга үрөнчүлүк чарбалардын аталган жобонун талаптарына ылайык келүүсү жана ылайык келбөөсү жөнүндө сунуштарды киргизүү менен корутундуну айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга киргизүүгө тийиш. Бирок, аймактык комиссиялар үрөнчүлүк чарбалардын ишине жыл сайын төртүнчү кварталда жерине баруу аркылуу мониторинг жүргүзбөгөндүгү жана анын жыйынтыгы боюнча тиешелүү корутундуларды жана сунуштарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга өз убагында киргизбегендиги, жогорудагы жобонун талаптарын одоно бузуу болуп саналат.

Ушуга байланыштуу, аталган талаптардын мындан ары так жана өз убагында аткарылышын камсыз кылуу, ошондой эле аймактык комиссиялардын ишмердүүлүгүнө көзөмөлдү күчөтүү зарыл.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы № 448 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотация берүүнүн тартиби жөнүндө" жобосунун 2- пунктунун 8-абзацына ылайык, "дарыланган үрөн материалынын белгиленген үлгүдөгү этикеткасы бар тарада берилиши" деп көрсөтүлгөн. Бирок, "Көк-Жар" үрөнчүлүк чарбасы 2025-жылы дотация аркылуу дыйкандарга 7000 кг "Ратник" сортундагы арпа уругун белгиленген үлгүдөгү этикеткасы жок саткан.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 288 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбалары жөнүндө" жобонун 12-пунктуна ылайык, үрөнчүлүк чарбаларга коюлуучу талаптардын бири болуп үрөнчүлүк чарбасынын материалдык-техникалык базасынын (кампа жайынын, зернотоктун, айыл чарба жана үрөн тазалоочу техниканын) болушу каралган.

Ал эми, аудиттин жүрүшүндө "Кант кызылчасы боюнча Кыргыз тажрыйба селекция станциясы" мамлекеттик ишканасынын, "Көк-Жар" үрөнчүлүк чарбасынын айыл чарба техникасы (комбайны) жана "Ак-Алтын" үрөнчүлүк чарбасынын дан тазалоочу техникасы жок экендиги аныкталды.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 288 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбалары жөнүндө" жобонун 13-пунктунун, 1- пунктчасына ылайык, үрөнчүлүк чарба өз менчигинде же узак мөөнөттүү негизде убактылуу пайдалануудагы айдоо жерлеринин төмөнкүдөй аянттарына ээ болууга тийиш экендиги көрсөтүлгөн:

Дан жана буурчак өсүмдүктөрүнүн жана көп жылдык чөптүн үрөндөрүн өндүрүүгө жана сатууга адистештирилген үрөнчүлүк чарбада: - *Чүй облусу боюнча - 200 га кем эмес; - Жалал-Абад, Нарын, Ош, Талас жана Ысык-Көл облустары боюнча - 100 га кем эмес; - Баткен облусу - 50 га кем эмес.*

Ал эми, облустар боюнча пайдалануудагы айдоо жерлеринин аянттары жободо белгиленген аянттарга туура келбегени аныкталды:

- Нарын облусунун, Жумгал районунун, Эпкин айылындагы «Чынар Т.Ж.Э» үрөнчүлүк чарбасынын өз менчигинде же узак мөөнөттүү негизде убактылуу пайдалануудагы айдоо жери **40,0 га** түздү;

- Талас облусунун, Манас районунун, Семетей айылындагы «Беш-Кадам Агросервис» үрөнчүлүк чарбасынын айдоо жери **63,6 га** түздү;

- Ош облусунун, Кара-Кулжа районунун, Кара-Кулжа айылындагы «Кара-Кулжа» үрөнчүлүк ассоциациясынын айдоо жери **94 га** түздү;

- Ош облусунун, Кара-Суу районунун, Кара-Суу айылындагы «Таиров Гапар» үрөнчүлүк чарбасынын айдоо жери **86,7 га** түздү.

*Панфилов райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгында* Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы № 448 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотация берүүнүн тартиби жөнүндө" жобонун 9-пунктунун 3-пунктчасына ылайык, айыл чарба товар өндүрүүчүсү өтүнмөгө төмөнкү документтердин нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн тиркейт: жер участогунун бар экендигин ырастоочу документ (укук белгилөөчү жана/же укук күбөлөндүрүүчү документтер жана/же ижара келишими).

Бирок, аталган талаптар сакталбастан айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн өтүнмөлөрүнүн реестри жер участогунун бар экендигин ырастоочу документтери (укук белгилөөчү жана/же укук күбөлөндүрүүчү документтер жана/же ижара келишими) алынбастан түзүлгөн. Бул, айыл чарба товар өндүрүүчүсүнө дотациялык үрөндүн максаттуу берилишинин тобокелдиги бар.

Дээрлик бардык үрөн чарбалары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 288 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбалары жөнүндө" жобонун 15-пунктунун 11-пунктчасында белгиленген талаптарды аткарышкан эмес. Атап айтканда, үрөнчүлүк тармагына милдеттүү түрдө тартылган адистер менен кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу иш-чаралары жүргүзүлгөн эмес.

Мындан тышкары, 23 үрөн чарба тарабынан жогоруда аталган Жобонун 15-пунктунун 12-пунктчасынын талаптары аткарылган эмес. Тактап айтканда, жыл сайын 1 га кем эмес аянтта айыл товар өндүрүүчүлөрдү тааныштыруу жана өндүрүшкө киргизүүнү тездетүү максатында жогорку маржиналдуу өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун (айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аныктаган тизме боюнча) демонстрациялык айдоолор уюштурулган эмес.

*2020-2025 -жылдарга карата айдап себүү үчүн*
*мамлекеттик дотацияга коюлган үрөн боюнча*

| Өсүмдүктүн түрү | 2020 | | 2021 | |
|---|---|---|---|---|
| | *Жаздык* | *Күздүк* | *Жаздык* | *Күздүк* |

| | Дотация **коюлган** үрөндүн көлөмү, кг | Дотация аркылуу **сатылган** үрөндүн көлөмү, кг | Дотация **коюлган** үрөндүн көлөмү, кг | Дотация аркылуу **сатылган** үрөндүн көлөмү, кг | Дотация **коюлган** үрөндүн көлөмү, кг | Дотация аркылуу **сатылган** үрөндүн көлөмү, кг | Дотация **коюлган** үрөндүн көлөмү, кг | Дотация аркылуу **сатылган** үрөндүн көлөмү, кг |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Буудай** | 457 905 | 454 905,0 | 972 017 | 749 572 | 903 845 | 729519 | 2081100 | 1420202 |
| **Арпа** | 643 500 | 627 416,0 | 41 000 | 24 200 | 1 546150 | 1469 291 | 35000 | 18250 |
| **Жүгөрү** | 40 500 | 25 104,0 | | | 36000 | 21649,8 | | |
| **Беде** | | | | | | | | |
| **Эспарцет** | | | | | 32400 | 32391 | | |
| **Пахта** | | | | | 56000 | 30990 | | |
| **Картошка** | | | | | | | | |
| **Баары** | **1141905** | **1107425** | **1013017** | **773772** | **2574395** | **2283841** | **2116100** | **1438452** |
| | | | | | | | | |

| Өсүмдүктүн түрү | **2022** | | | | **2023** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *Жаздык* | | *Күздүк* | | *Жаздык* | | *Күздүк* | |
| | Дотация **коюлган** үрөндүн көлөмү, кг | Дотация аркылуу **сатылган** үрөндүн көлөмү, кг | Дотация **коюлган** үрөндүн көлөмү, кг | Дотация аркылуу **сатылган** үрөндүн көлөмү, кг | Дотация **коюлган** үрөндүн көлөмү, кг | Дотация аркылуу **сатылган** үрөндүн көлөмү, кг | Дотация **коюлган** үрөндүн көлөмү, кг | Дотация аркылуу **сатылган** үрөндүн көлөмү, кг |
| **Буудай** | 785300 | 657428 | 0 | 0 | 1135400 | 277649 | 1703500 | 592302 |
| **Арпа** | 1133325 | 1094011 | 0 | 0 | 2319000 | 1324352 | | |
| **Жүгөрү** | 44605 | 44465,1 | 0 | 0 | 30900 | 30525 | | |
| **Беде** | | | | | 7000 | 2775 | | |
| **Эспарцет** | 10000 | 9000 | 0 | 0 | 30000 | 19757 | | |
| **Пахта** | 234700 | 45824,3 | 0 | 0 | 35400 | 16611 | | |
| **Картошка** | 325000 | 321400 | 0 | 0 | 150000 | 86300 | | |
| **Баары** | **2532930** | **2172128** | **0** | **0** | **3707700** | **1757969** | **1703500** | **592302** |

| Өсүмдүктүн түрү | **2024** | | | | **2025** | | **жалпы** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *Жаздык* | | *Күздүк* | | *Жаздык* | | **2020-2025-жж** | |
| | Дотация коюлган үрөндүн көлөмү, кг | Дотация аркылуу сатылган үрөндүн көлөмү, кг | Дотация коюлган үрөндүн көлөмү, кг | Дотация аркылуу сатылган үрөндүн көлөмү, кг | Дотация коюлган үрөндүн көлөмү, кг | Дотация аркылуу сатылган үрөндүн көлөмү, кг | **Дотация коюлган үрөндүн көлөмү** | **Дотация аркылуу сатылган үрөндүн көлөмү** |
| **Буудай** | 1033750 | 419809 | 2326900 | 1093668 | 789000 | 413870 | **12188717,0** | **6808924,0** |
| **Арпа** | 2700000 | 2241481,6 | 72900 | 7250 | 3754500 | 1936087 | **12245375,0** | **8742338,6** |
| **Жүгөрү** | 91000 | 20815,5 | | | 40000 | 0 | **283005,0** | **142559,4** |
| **Беде** | 18520 | 17682,5 | | | 48000 | 33974 | **73520,0** | **54431,5** |
| **Эспарцет** | 7500 | 7500 | | | 81500 | 81358 | **161400,0** | **150006,0** |
| **Пахта** | 42500 | 3480 | | | | | **368600,0** | **96905,3** |
| **Картошка** | 195000 | 116874 | | | 136000 | 108500 | **806000,0** | **633074,0** |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баары** | **4088270** | **2827643** | **2399800** | **1100918** | **4849000** | **2573789** | **26126617,0** | **16628238,8** |







2020–2025-жылдар аралыгында айдап себүү үчүн мамлекеттик дотацияга коюлган үрөндөрдүн көлөмү, жалпы **26 126,6 тонна** болуп, анын ичинен **16 628,2 тоннасы гана** сатылган. Бул, мамлекеттик дотацияга коюлган үрөндүн **63,6 пайызы гана** иш жүзүндө айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө (дыйкандарга) жеткенин көрсөттү.

*Өсүмдүктөрдүн түрлөрү боюнча талдоодо:*

- Буудай жана арпа дотациянын негизги бөлүгүн түзүп, эң көп көлөмдө коюлган жана сатылган үрөндөр болуп эсептелет. Бул, дан эгиндеринин айыл чарбасындагы стратегиялык маанисин тастыктайт.
- Картошка боюнча да салыштырмалуу жогорку көрсөткүчтөр байкалат, бул азык-түлүк коопсуздугуна багытталган колдоону чагылдырат.
- Жүгөрү, беде, эспарцет жана пахта боюнча дотация көлөмдөрү кыйла аз болуп, айрым жылдары сатуу деңгээли төмөн болгон.

*Жылдар боюнча караганда:*

- 2022-жылы күздүк үрөндөр боюнча дотация иш жүзүндө жүргүзүлгөн эмес.
- 2023–2024-жылдары дотацияга коюлган үрөн көлөмү кескин өсүп, бирок сатылган көлөмдүн үлүшү айрым өсүмдүктөрдө төмөн бойдон калган.

- 2025-жылы кайрадан сатылган үрөндүн көлөмү өсүү тенденциясын көрсөтөт.

Жалпысынан, мамлекеттик дотация тастыкталган жогорку сапаттагы сорттук үрөн менен камсыздоодо маанилүү ролду ойнойт, бирок дотацияга коюлган үрөндүн толук көлөмү сатылбай жатканы байкалат. Бул, айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн (дыйкандардын) суроо-талабын так пландоо, логистика жана маалыматтык иш-чараларын күчөтүү зарылдыгын көрсөтөт.

*2020- жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 30-сентябрына чейин республикалык бюджеттен берилген дотациялык каражаттар облустар боюнча*

Берилген маалыматтарга ылайык, 2020–2025-жылдар аралыгында айдап себүү үчүн дотацияланган үрөндөргө жалпысынан 197 478,0 миң сомго каражат каржыланган. *Толук маалымат отчёттун №1 тиркемесинде.*

*Облустар боюнча:*

- Чүй облусу эң ири үлүштү ээлеп, 127 646,7 миң сомго, же жалпы сумманын негизги бөлүгүн түзгөн. Бул Чүй облусунда айыл чарба өндүрүшү, айрыкча жаздык жана күздүк эгиндер активдүү жүргүзүлөөрүн көрсөтөт.
- Ысык-Көл облусу боюнча - 28 941,1 миң сомду жана Ош облусу - 24 527,8 миң сомду;
- Нарын облусу - 9 325,2 миң сомго жана Талас облусу - 5 636,2 миң сомго;
- Жалал-Абад облусу - 1 097,1 миң сомго жана Баткен облусу – 303,9 миң сомго каржыланган.

*Жылдар боюнча:*

- Каржылоонун көлөмү 2022 жана 2024-жылдары кыйла жогору болуп, айрыкча жаздык үрөндөргө басым жасалган.
- 2022-жылы күздүк үрөндөргө дотация каралган эмес.
- 2025-жылы кайрадан каржылоонун көлөмүнүн жогорку активдүүлүгү байкалган.

## 4. КОРУТУНДУЛАР:

**4.1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө” Жарлыгына ылайык айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жогорку түшүмдүү жана эң “таза” сорттору менен камсыз кылууну уюштуруу жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы № 352 “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө” токтому менен үрөнчүлүк чарба тармактарына дотациялык каражаттарды бөлүү аркылуу стимул берүү тууралуу иш чаралар **толук кандуу максатына жеткен эмес.**

**4.2.** КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы № 352 “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер

Кабинетинин иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө" токтому менен үрөнчүлүк чарбасынын тармактарына республикалык бюджеттен 2022-жылдын 1-кварталынан тартып 2026-жылдын 4-кварталына чейин – **677,8 млн сомго** дотациялык каражаттарды бөлүү боюнча иш-чаралар планын ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги тарабынан **иш-чаралар планы иштелип чыккан эмес.**

**4.3.** 677,8 млн сомго дотациялык каражаттарды бөлүү тууралуу иш чара 2022-жылдан 2026-жылга, же 5 жылга карата, орточо эсеп менен, ар бир жылды алганда Департамент тарабынан 135,5 млн сомдук дотациялык каражаттарды берүү боюнча тиешелүү иш чара көрүлүшү керек болчу. Жогоруда белгиленгендей, 2022-2025 -жылдарга бюджетте мамлекеттик дотация 36,3 млн сомдон 50,0 млн сомго чейин гана каралган, ал эми факты жүзүндөгү чыгымдар 36,3 млн сомдон 30,6 млн сомго чейинки сумманы гана түзгөн.

**4.4.** Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планын ишке ашыруу багытында жооптуу мамлекеттик органдар тарабынан **тиешелүү уюштуруучулук чаралар көрүлгөн эмес.** Тактап айтканда, үрөнчүлүк чарба тармактарын дотациялоо үчүн республикалык бюджеттен олуттуу өлчөмдөгү каражаттарды бөлүү пландаштырылганына карабастан, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги тарабынан аны ишке ашырууга багытталган иш-чаралар планы иштелип чыкпагандыктан, **дотациялык каражаттарды натыйжалуу пайдаланууга шарт түзүлгөн эмес**. Бул, өз кезегинде мамлекеттик колдоонун натыйжалуулугун камсыздоого жана коюлган максаттарга жетүүгө терс таасирин тийгизген.

**4.5.** "Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 2-бөлүгүндө мамлекеттик дотация үчүн бөлүнүүчү каражаттар кезектеги финансылык жылга республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда каралат деп, так белгиленген. Бирок, 2021-2023-жылдар аралыгында республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдарда үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотацияга каражаттар план менен каралбастан, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиешелүү тескемелери аркылуу жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин кайрылууларына ылайык министрликтин мекемелеринин чыгымдар сметаларынын ортосунда жылдырууларды жүргүзүү аркылуу республикалык бюджетте такталган. Натыйжада, жогоруда аталган мыйзамдын талаптары аткарылган эмес, **бюджеттик пландоодо мыйзамдуулук жана ырааттуулук принциптери сакталган эмес.** Ошондой эле, үрөнчүлүк тармагын мамлекеттик колдоо жетиштүү деңгээлде камсыздалбай, айыл чарба өндүрүшүнүн туруктуу өнүгүшүнө терс таасир тийгизүү коркунучу жаралган.

**4.6.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 2-майындагы №215-т тескемесине ылайык, 2023-жылга - 114 131,2 миң сом

суммасында дотациялык каражаттарды каржылоо жана тиешелүү бюджетте бекитүү тууралуу көрсөтүлгөн. Бирок, 2023-жылга такталган бюджет - 32 400,0 миң сомду түзүп, 32 398,8 миң сомго каржыланган, же дотациялык бюджеттик каражат **81 731,2 миң сомго кем каржыланган.**

**4.7.** 2021-жылдын 31-мартындагы №76-б Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемесине ылайык, 2021-жылга - 51 000,0 миң сом суммасында дотациялык каражаттарды каржылоо жана тиешелүү бюджетте бекитүү тууралуу көрсөтүлгөн. Бирок, 2021-жылга такталган бюджет - 43 994,8 миң сомду түзүп, 41 956,4 миң сомго каржыланган, же аталган тескеме менен белгиленген дотациялык бюджеттик каражат – **9 043,6 миң сомго кем каржыланган.** Ал эми, 2022-жылга КР Финансы министрлиги тарабынан (Айыл чарба министрлигинин 2022-жылдын 30-июнундагы №18-9/2974 жана 2022-жылдын 3-августундагы №18-9/3825 каттарына ылайык) Министрликтин ведомстволук мекемелеринин сметаларынын чыгымдарынын ортосунда жылдырууларды жүргүзүү менен мамлекеттик дотацияга 36 333,1 миң сом суммасында дотация каражаттары берилген.

**4.8.** Жогоруда аталган өнүктүрүүнүн улуттук программасы менен бекитилген 677,8 млн сомдук дотациялык каражаттан, мисалы, 2022-жылдан 2026-жылга, же 5 жылга карата, орточо эсеп менен, ар бир жылга 135,5 млн сомго, 2026-жылды эсепке албастан 542 240,0 миң сом деп алганда, 2022-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 30-сентябрына чейин бюджеттик каражат болгону эсеп менен **166 701,7 миң сомго өздөштүрүлгөн, же 30,7 пайызды гана түзгөн**. Ал эми, каражаттын болгону 166 701,7 миң сомго же 30,7% өздөштүрүлүшүнүн бирден-бир себеби болуп: айыл чарба товар өндүрүүчүлөрдүн мамлекеттик дотация боюнча кабары жана толук маалыматтын жоктугу.

**4.9.** Министрлик тарабынан аудит камтыган мезгил аралыгына республикалык бюджеттен берилген мамлекеттик дотациянын натыйжалуулугу, майнаптуулугу тууралуу **маалыматтар, отчеттор аудитке берилген жок**. Мындан тышкары, Министрлик тарабынан берилип жаткан дотациялык бюджеттик каражат боюнча **контрол, мониторинг жана натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүлгөн эмес.** Ошондой эле, үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотацияга мониторинг жана натыйжалуулугун баалоо тууралуу **укуктук документ иштелип чыккан эмес.**

**4.10.** Министрликтин үрөнчүлүк тармагында мамлекеттик дотация боюнча иш чараны ишке ашыруунун бардык катышуучуларынын ортосунда так стратегиясы жана иш-аракеттерди координациялоо боюнча тиешелүү тартип, механизм **иштелип чыккан эмес.** Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация боюнча **нормативдик база жетишсиз**, тактап айтканда мамлекеттик дотация боюнча стратегия, тиешелүү иш чара планы иштелип чыккан эмес, мамлекеттик дотацияны төлөө шарттары (төлөө мөөнөттөрү) тиешелүү тартипте аныкталган эмес жана жоопту у Министрликтин департамент жана башкармалыктарынын жобосунда кызматкерлердин функционалдык милдеттеринде мамлекеттик дотация боюнча жооптуу кызмат адамдарынын ыйгарым укуктары жана функционалдык милдеттери так аныкталган эмес. Бул жагдай дотацияны төлөө

процессинде укуктук так эместиктерди жана жоопкерчиликтин жоктугун жаратышы мүмкүн.

**4.11.** Республика боюнча жазгы жана күзгү айдап себүүдө мамлекеттик дотация аркылуу, айыл чарба товар өндүрүүчүлөргө үрөнчүлүк чарбалар тарабынан таратылган артыкчылыктуу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөндөрү боюнча Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктары тарабынан **мониторинг жүргүзүлбөйт**, тактап айтканда, түшүмдүүлүк боюнча 1 гектар жерден канча центнерден арпа, буудай жана башка дан өсүмдүктөрү алынып, орточо **түшүмдүүлүгү** аныкталып, район боюнча алынган орточо түшүм менен салыштырылып канча центнерге **азайганы, же жогорулаганы аныкталган эмес.**

**4.12.** Үрөнчүлүк чарбалардан алынып себилген дотациялык үрөндөрдүн түшүмдүүлүгү боюнча Министрлик тарабынан **мониторинг, талдоо жана баалоо жок болгондугуна** байланыштуу, мамлекеттик дотациянын канчалык деңгээлде натыйжалуу болгондугунун бирден бир критерийлери болуп үрөнчүлүк чарбалардан алынып себилген үрөндүн түшүмдүүлүгү эсептелгенине байланыштуу, аны аудит үчүн **баалоо жетиштүү болгон жок.**

**4.13.** Айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө жүргүзүлгөн **сурамжылоонун** жыйынтыгы мамлекеттик дотация жана сапаттуу үрөн менен камсыздоо айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга **оң таасир тийгизип жатканын көрсөттү.** Ошол эле учурда, үрөн саясатын аймактык муктаждыкка жараша пландоо жана жооптуу мамлекеттик органдар менен айыл чарба товар өндүрүүчүлөрү жана үрөн чарбаларынын байланышын бекемдөө зарыл экендиги белгиленди.

**4.14.** 2020-жылдан 2025-жылга чейин жазгы себүү үчүн берилген дотация программасына орточо 31 чарба, ал эми күздүк себүүгө 25 чарба катышкан. Үрөнчүлүк чарбалар айыл чарба товар өндүрүүчүлөрдү жалпы 13,5 пайыз өлчөмүндө үрөн менен камсыз кылса, дотациянын алкагында таратылган үрөндүн үлүшү **орточо 3 пайызды гана түзгөн.**

**4.15.** Мамлекеттик дотация аркылуу таратылган үрөн менен камсыздоо үлүшү орточо 3 пайызды түзүп, жыл өткөн сайын өсүү тенденциясы байкалат. Айрыкча 2024–2025-жылдары дотациянын үлүшү **3,8–4,3%га чейин жеткен.**

**4.16.** 2020–2025-жылдар аралыгында үрөнчүлүк чарбалардын саны 109дан 86га чейин азайган. Айрыкча 2022-жылдан кийин чарбалардын санынын кыскаруу тенденциясы байкалат. Ошол эле учурда, үрөнчүлүк чарбалардын саны азайганы менен, айдоо аянты кескин төмөндөбөстөн, 28–29 миң гектардын тегерегинде салыштырмалуу туруктуу сакталган.

**4.17.** Үрөнчүлүк чарбалар өндүргөн үрөн менен камсыздоо деңгээли жылдар боюнча өзгөрмөлүү болуп, эң төмөнкү көрсөткүч 2021-жылы (9,7%), ал эми эң жогорку көрсөткүч 2024-жылы (17,3%) катталган. Жалпысынан алганда, орточо көрсөткүч 13,5 пайызды түзүп, бул айыл чарба товар өндүрүүчүлөрдү **үрөн менен камсыздоо жетишсиз деңгээлде экенин көрсөттү.**

**4.18.** Мамлекеттик дотация программасына катышкан үрөнчүлүк чарбалардын саны жаздык себүүдө орточо 31 чарбаны, күздүк себүүдө

25 чарбаны түзгөн. Бул, мамлекеттик колдоо механизмдерине чарбалардын катышуусу **туруктуу болгонун, бирок камтуу деңгээлин кеңейтүү зарылдыгын көрсөтөт.**

**4.19.** Айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын аймактык комиссиялары тарабынан жыл сайын төртүнчү кварталда жерине баруу менен статуска ээ **үрөнчүлүк чарбалардын ишине мониторинг жүргүзүлбөйт.** Аймактык комиссиялар үрөнчүлүк чарбалардын ишине жыл сайын төртүнчү кварталда жерине баруу аркылуу мониторинг жүргүзбөгөндүгү жана анын жыйынтыгы боюнча тиешелүү корутундуларды жана сунуштарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга өз убагында киргизбегендиги, жогорудагы жобонун талаптарын одоно бузуу болуп саналат.

**4.20.** 2020–2025-жылдар аралыгында айдап себүү үчүн мамлекеттик дотацияга коюлган үрөндөрдүн көлөмү, **жалпы 26 126,6 тонна** болуп, анын ичинен **16 628,2 тоннасы гана сатылган**. Бул, мамлекеттик дотацияга коюлган үрөндүн **63,6 пайызы гана** иш жүзүндө айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө (дыйкандарга) жеткенин көрсөттү.

**4.21.** Мамлекеттик дотация тастыкталган жогорку сапаттагы сорттук үрөн менен камсыздоодо маанилүү ролду ойнойт, бирок **дотацияга коюлган үрөндүн толук көлөмү сатылбай жатканы** байкалат. Бул, айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн (дыйкандардын) суроо-талабын так пландоо, логистика жана маалыматтык иш-чараларын күчөтүү зарылдыгын көрсөтөт.

**4.22.** Мамлекеттик дотацияны каржылоонун көлөмү **2022 жана 2024-жылдары** кыйла жогору болуп, айрыкча жаздык үрөндөргө басым жасалган. **2025-жылы** кайрадан **каржылоонун көлөмүнүн жогорку активдүүлүгү байкалган.**

**4.23.** Мамлекеттик дотация маселелери боюнча мониторинг жүргүзүү, алардын натыйжалуулугун жана майнаптуулугун баалоо боюнча иш-чаралар аткарылбай келет. Ошону менен бирге, айыл чарба товар өндүрүүчүлөрдүн айыл чарба өсүмдүктөрүнүн тастыкталган, жогорку сапаттагы сорттук үрөн материалдары аз көлөмдө айдап себиши, агротехникалык ыкмаларды жетиштүү деңгээлде колдонушпагандыгы. Мындан тышкары, мамлекеттик органдар тарабынан айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн арасында жогорку сапаттагы сорттук үрөн материалдарын пайдалануу жана агротехникалык ыкмаларды колдонуу боюнча түшүндүрүү жана уюштуруучулук иш-чаралар талаптагыдай деңгээлде жүргүзүлбөй келет.

**4.24.** Мамлекеттик дотациянын аз көлөмдө берилгени, бул жоопту мамлекеттик органдардын, жергиликтүү башкаруу органдарынын айыл чарба өсүмдүктөрүнүн тастыкталган жогорку сапаттагы сорттук үрөн материалдары менен камсыздоо тууралуу тиешелүү деңгээлде иш алып барбаганы жана үрөн чарбалары менен айыл чарба товар өндүрүүчүлөрү мамлекеттик дотация программасына катышууга көп кызыкдар болбогону дагы белгиленет.

**4.25.** Айыл чарба товар өндүрүүчүлөрү ыңгайлуу, ыкчам, жеткиликтүү маалымат жана табыштаманын статусу, анын дотацияны алуу процессинин жүрүшү тууралуу ыкчам маалыматынын жетишсиздиги бар. Үрөн чарбаларына

мамлекеттик дотацияга бөлүнгөн бюджеттик каражаттар айрым учурларда узак убакытта жана толук эмес бөлүштүрүлөт.

**4.26.** Жыйынтыгында, текшерүүнүн жүрүшүндө үрөн чарбалары тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 288 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбалары жөнүндө» жобосунун талаптары системалуу түрдө сакталбагандыгы аныкталды. Адистердин жана кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу боюнча милдеттенмелер аткарылган эмес, ошондой эле айрым үрөн чарбалары жогорку маржиналдуу өсүмдүктөрдүн жаңы сortторун жайылтуу максатында демонстрациялык айдоолорду уюштурган эмес. Бул жагдайлар үрөнчүлүк тармагын өнүктүрүүгө жана инновацияларды өндүрүшкө киргизүүгө терс таасирин тийгизип, жобонун талаптарын так сактоо зарылдыгын көрсөтөт.

# 5. СУНУШТАМАЛАР:

**5.1.** "Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын аткарылышын камсыз кылуу жана бюджеттик пландоодо мыйзамдуулук менен ырааттуулукту сактоо максатында келерки финансылык жылдар үчүн үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотацияга каралган каражаттардын конкреттүү көлөмү республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдарда так белгиленүүсү камсыздалсын.

**5.2.** Бюджеттик пландоодо КР Финансы министрлиги менен биргеликте үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотацияларды пландоо жана бөлүштүрүү процесстери алдын ала макулдашылсын.

**5.3.** Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотациялык каражат боюнча контрол, мониторинг жана натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүлсүн жана үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотацияга мониторинг жана натыйжалуулугун баалоо тууралуу укуктук документ иштелип чыгуусу каралсын.

**5.4.** Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотациянын төлөө шарттарын (төлөө мөөнөттөрү) тиешелүү тартипте аныктоо жана министрликтин жооптуу департамент жана башкармалыктарынын укуктук актыларында кызматкерлердин функционалдык милдеттеринде мамлекеттик дотация боюнча жооптуу кызмат адамдарынын ыйгарым укуктары жана функционалдык милдеттерин аныктоо каралсын.

**5.5.** Мамлекеттик дотациянын натыйжалуу жана майнаптуу болушун камсыздоо максатында айыл чарба товар өндүрүүчүлөр тарабынан үрөнчүлүк чарбалардан алынып себилген үрөндүн түшүмдүүлүгү эсептелгенине байланыштуу үрөнчүлүк чарбалардан алынып себилген дотациялык үрөндөрдүн түшүмдүүлүгү боюнча мониторинг, талдоо жана баалоо жүргүзүлсүн.

**5.6.** Айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын аймактык комиссияларына Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 288 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбалары жөнүндө" жобонун $8^1$-пунктунун талаптарын так жана өз убагында аткаруу милдеттендирилсин.

Үрөнчүлүк чарбалардын ишине жыл сайын төртүнчү кварталда жерине баруу аркылуу мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылуу жана анын жыйынтыгы боюнча тиешелүү корутунду менен сунуштар айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга белгиленген тартипте киргизилсин.

**5.7.** Аймактык комиссиялардын ишмердүүлүгүнө контролду күчөтүү, ошондой эле мониторинг жүргүзүү тартибин сактабаган жооптуу кызмат адамдарына карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**5.8.** “Кант кызылчасы боюнча Кыргыз тажрыйба селекция станциясы” мамлекеттик ишканасын жана “Көк-Жар” үрөнчүлүк чарбасын үрөнчүлүк ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн зарыл болгон айыл чарба техникасы (комбайн) жана “Ак-Алтын” үрөнчүлүк чарбасынын дан тазалоочу техникасы менен камсыз кылуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**5.9.** Үрөнчүлүк чарбалардын материалдык-техникалык базасынын абалына мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүү жана контролдоо механизмдерин күчөтүү камсыздалсын.

**5.10.** Нарын облусунун Жумгал районундагы “Чынар Т.Ж.Э”, Талас облусунун Манас районундагы “Беш-Кадам Агросервис”, Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы “Кара-Кулжа” үрөнчүлүк ассоциациясынын, Ош облусунун, Кара-Суу районунун, Кара-Суу айылындагы “Таиров Гапар” үрөнчүлүк чарбасынын айдоо жерлеринин аянтын белгиленген минималдуу өлчөмдөргө жеткирүү боюнча белгиленген мөөнөттө чара көрүлсүн, же үрөнчүлүк чарба статусунан ажыратуу маселеси каралсын.

**5.11.** Үрөн чарба статусун берүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 288 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбалары жөнүндө” жобонун талаптары так сакталсын.

**5.12.** Аудит менен аныкталган кемчиликтерди жоюу максатында үрөн чарбаларына Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 288 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбалары жөнүндө” жобонун талаптарын так жана толук аткаруу камсыздалсын, айрыкча, үрөнчүлүк тармагына тартылган адистер менен кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу боюнча үзгүлтүксүз окутууларды жана квалификацияны жогорулатуу иш-чараларын уюштуруу каралсын. Ошондой эле, жыл сайын кеминде 1 гектар аянтта жогорку маржиналдуу өсүмдүктөрдүн жаңы сорттору боюнча демонстрациялык айдоолорду өткөрүү аркылуу айылдык товар өндүрүүчүлөрдү тааныштыруу жана инновацияларды өндүрүшкө ыкчам киргизүү камсыздалышы каралсын.

**5.13.** Аныкталган бузууларды жана кемчиликтерди жоюу жана мамлекеттик дотациялык каражаттарды өздөштүрүүнүн деңгээлин жогорулатуу максатында төмөнкү чаралардын көрүлүүсү зарыл:

- айыл чарба товар өндүрүүчүлөр үчүн мамлекеттик дотацияларды алуу тартиби, шарттары жана талаптары боюнча толук, так жана жеткиликтүү маалыматтык-түшүндүрүү иштерин күчөтүү;

- дотация алуу механизмдери тууралуу маалыматтарды массалык маалымат каражаттары, расмий интернет сайттар, социалдык тармактар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу кеңири жайылтуу;

- аймактык деңгээлде семинарларды, жыйындарды жана консультациялык жолугушууларды уюштуруу аркылуу айыл чарба товар өндүрүүчүлөрдүн маалымдуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү;

- мамлекеттик дотация программасына үрөнчүлүк чарбалардын катышуусун камтуу деңгээлин кеңейтүү;

- жооптуу мамлекеттик органдар менен айыл чарба товар өндүрүүчүлөрү жана үрөн чарбаларынын байланышын бекемдөө;

- жооптуу мамлекеттик органдар тарабынан дотациялык каражаттарды өздөштүрүүнүн жүрүшүнө үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүлүп, аныкталган көйгөйлөрдү өз убагында чечүү чараларын көрүү;

- дотациялык программалар боюнча арыз берүү жана документтерди кабыл алуу тартибин жөнөкөйлөтүү, ошондой эле электрондук форматта кароо жана кайрылуу мүмкүнчүлүгүн киргизүү.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн натыйжалуулук аудитинин жыйынтыктарын тиешелүү министрликтер менен карап чыгып, үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация маселеси боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн, берилген сунуштамалардын аткарылышы көзөмөлгө алынсын.

**2.** Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы №352 “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө” токтому менен үрөнчүлүк чарба тармактарына дотациялык каражаттарды (республикалык бюджеттен үрөнчүлүккө – 677,8 млн сом) бөлүү аркылуу стимул берүү тууралуу иш чаралар планы Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги тарабынан иштелип чыкпагандыгы жана 2020-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 30-сентябрына чейин Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотациянын натыйжасы жетишерлик деңгээлде аткарылбагандыгы боюнча тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилигин кароо сунушталат.

**Аудиттин курамы**: башкы мамлекеттик инспектор Б.О. Абдыкасымов (аудит тобунун жетекчиси), мамлекеттик инспекторлор Н.Б. Бердикеев, М.Т. Алымкулов жана аналитик А.Т. Турдуева.

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитору Б.А. Рыскулиевдин жетекчилиги астында жүргүзүлдү.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 2026-жылдын 21-январындагы № 09-1/50 буйругунун негизинде аудиттин материалдарын Эсептөө палатасынын Кеңешинин кароосуна чыгаруу Эсептөө палатасынын аудитору А.Т. Байгазаковго жүктөлгөн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **А.Т. Байгазаков**

2020-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 30-сентябрына
чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк
чарбаларын колдоодо мамлекет тарабынан берилген дотация боюнча
жүргүзүлгөн натыйжалуулук аудити жөнүндө отчетко
№1 Тиркеме

*2020- жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 30-сентябрына чейин республикалык бюджеттен берилген дотациялык каражаттар облустар боюнча*

| **Жылдар** | 2020 | | 2021 | | 2022 | | 2023 | | 2024 | | 2025 | жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Облустар/мезгил** | жаздык | күздүк | жаздык | күздүк | жаздык | күздүк | жаздык | күздүк | жаздык | күздүк | жаздык | |
| **1. Чүй облусу** | **6992902** | **4033408** | **15260168** | **8894512** | **18510621** | **0** | **15832491** | **4821698** | **27132031** | **7142055** | **19026814** | **127646700** |
| Аламүдүн району | 135174 | | | | | | 72930 | | | | | 208104 |
| Жайыл району | 2230472 | 1409077 | 5442622 | 1620179 | 2182833 | | 3060227 | 977918 | 2129918 | 1192294 | 6443666 | 26689206 |
| Кемин району | 63900 | | 196961 | 21453 | | | | | 148427 | | 49052 | 479793 |
| Москва району | 576726 | 927360 | 963300 | 1579338 | 139860 | | | 940425 | 1427131 | 825186 | 639180 | 8018506 |
| Панфилов району | | | | 217800 | | | | | 335700 | 680400 | 917100 | 2151000 |
| Сокулук району | 224670 | 266490 | 475650 | 1547898 | 1264288 | | 1901891 | 665249 | 5357425 | 3057464 | 4984202 | 19745227 |
| Ысык-Ата району | 3761960 | 1430481 | 8181635 | 3907844 | 14923640 | | 10797443 | 2238106 | 17194293 | 1386711 | 5466736 | 69288849 |
| Чүй району | | | | | | | | | 539137 | | 526878 | 1066015 |
| **2. Талас облусу** | **0** | **465875** | **0** | **763157** | **0** | **0** | **0** | **1556583** | **226168** | **1751366** | **873060** | **5636209** |
| Бакай-Ата району | | | | | | | | | | | | 0 |
| Кара-Буура району | | | | | | | | | | 340200 | | 340200 |
| Манас району | | 465875 | | 763157 | | | | 1556583 | 226168 | 1411166 | 873060 | 5296009 |
| Талас району | | | | | | | | | | | | 0 |
| **3. Нарын облусу** | **139458** | **0** | **837542** | **0** | **2465745** | **0** | **2137755** | **0** | **2056470** | **0** | **1688220** | **9325190** |
| Ак-Талаа району | | | | | 846900 | | 586380 | | 447600 | | | 1880880 |
| Ат-Башы району | | | | | | | | | | | | 0 |
| Жумгал району | 70425 | | 424502 | | 671355 | | | | 396600 | | 511200 | 2074082 |
| Кочкор району | | | 282630 | | 772770 | | 1551375 | | 1212270 | | 976770 | 4795815 |
| Нарын району | 69033 | | 130410 | | 174720 | | | | | | 200250 | 574413 |
| **4. Ысык-Көл облусу** | **612747** | **229037** | **2192834** | **1244286** | **7522495** | **0** | **5139436** | **107310** | **4294744** | **361599** | **7236614** | **28941102** |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Суу району | 291591 | 138947 | 335603 | 1049982 | 2076481 | | 534386 | | 827113 | 143814 | 373795 | 5771712 |
| Жети-Өгүз району | 57510 | | 199950 | 109989 | 4227746 | | 2565031 | | 2378165 | 217785 | 2573429 | 12329605 |
| Исык-Көл району | 59427 | | | | | | | | | | | 59427 |
| Тоң району | | | 121650 | | | | | | | | | 121650 |
| Түп району | 204219 | 90090 | 1535631 | 84315 | 1218268 | | 2040019 | 107310 | 1089466 | | 4289390 | 10658708 |
| **5. Ош облусу** | **411600** | **811537** | **1532838** | **4578367** | **7834285** | **0** | **1551384** | **1252161** | **1417900** | **3303964** | **1833809** | **24527845** |
| Алай району | | | | | | | | | | | | 0 |
| Араван району | | | | 217800 | 870415 | | | | | | | 1088215 |
| Кара-Кулжа району | 411600 | 375306 | 1195218 | 319894 | 1595700 | | 1149054 | | 825559 | | 670934 | 6543265 |
| Кара-Суу району | | 436231 | 337620 | 3116673 | 188322 | | 402330 | | 592341 | 2899644 | 741945 | 8715106 |
| Ноокат району | | | | | 4191600 | | | 1252161 | | | 56070 | 5499831 |
| Өзгөн району | | | | 924000 | 988248 | | | | | 404320 | 364860 | 2681428 |
| Чон-Алай району | | | | | | | | | | | | 0 |
| **6. Жалал-Абад облусу** | **0** | **0** | **160200** | **653400** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **283500** | **0** | **1097100** |
| Аксы району | | | | | | | | | | | | 0 |
| Ала-Бука району | | | | | | | | | | | | 0 |
| Базар-Коргон району | | | 160200 | | | | | | | 283500 | | 443700 |
| Ноокен району | | | | | | | | | | | | 0 |
| Сузак району | | | | 653400 | | | | | | | | 653400 |
| Тогуз-Торо району | | | | | | | | | | | | 0 |
| Токтогул району | | | | | | | | | | | | 0 |
| Чаткал району | | | | | | | | | | | | 0 |
| **7. Баткен облусу** | **0** | **0** | **0** | **303900** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **303900** |
| Баткен району | | | | | | | | | | | | 0 |
| Кадамжай району | | | | 303900 | | | | | | | | 303900 |
| Лейлек району | | | | | | | | | | | | 0 |
| **Жалпы** | **8156707** | **5539857** | **19983582** | **16437622** | **36333146** | **0** | **24661066** | **7737752** | **35127313** | **12842484** | **30658517** | **197478046** |